**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИ**

**ГУМАНИТАРДЫК БИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ**

| **КАРАЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
| --- | --- |
| Окумуштуулар кеңешинин № 1 протоколу<br><br>"01" 09 202 5 -ж. | Кыргызстан ислам университетинин ректору, проф.<br>_________________ Нарматов А.И.<br>"01" 09 202 5 -ж. |

**КЫРГЫЗСТАН ИСЛАМ УНИВЕРСИТЕТИНИН ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

Бишкек-202 5

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Кыргызстан Ислам университетинин (мындан ары – КИУ) окумуштуулар кеңеши жөнүндө бул Жобо окумуштуулар кеңешин түзүү жана анын иштөө тартибин аныктайт.
2. КИУнун окумуштуулар кеңеши (мындан ары – окумуштуулар кеңеши) университеттин окуу, илимий жана тарбиялык ишмердүүлүгү боюнча ички саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, КИУнун ишинин негизги маселелерин кесиптик деңгээлде чечүү, адистерди даярдоонун сапатын камсыз кылуу максатында уюштурулат.
3. Окумуштуулар кеңеши КИУнун коллегиалдуу башкаруу органы болуп саналат. Кадрларды тандоо, жайгаштыруу, бошотуу жана финансы-чарбалык иштер боюнча окумуштуулар кеңешинин чечимдери сунуштоочу мүнөзгө ээ.

**2-глава. Окумуштуулар кеңешинин функциялары**

4. Окумуштуулар кеңешинин негизги функциялары жана милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- факультеттерди, кафедраларды, борборлорду жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүү, ирилештирүү, бөлүү жана жоюу боюнча маселелерди кароо жана сунуштарды иштеп чыгуу;
- КИУнун өнүктүрүүнүн жылдык жана стратегиялык пландарын бекитүү;
- проректорлордун, факультеттердин декандарынын, кафедра башчыларынын, илимий жана окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин отчетторун угуу жана аларды өркүндөтүү боюнча чараларды көрүү;
- ректордун ыйгарым укуктар мөөнөтү бүткөндө анын ишмердүүлүгү боюнча отчетун кароо жана кийинки мөөнөткө шайлоо боюнча сунуштамаларды берүү;
- мамлекеттик стандарттарга жана КИУнун профилине ылайык билим берүү программаларын, планы жана аткарылышын контролдоо тартибин бекитүү;
- окуу процессин оптималдаштыруу, окутуунун натыйжалуу жана инновациялык технологияларын киргизүү боюнча маселелерди кароо;
- илимий-изилдөө жана методикалык иштердин багыттарын аныктоо, аларды жүргүзүүгө финансылык жана кадрдык ресурстарды бөлүштүрүү;

- илимий жана окуу бөлүмдөрүнүн ишинин эффективдүүлүгүнө баа берүү жана аларды өнүктүрүү боюнча чечимдерди кабыл алуу;
- профессордук-окутуучулук курамдын, кафедра башчыларынын жана факультет декандарынын кызмат орундарын ээлөө үчүн конкурстар боюнча отчетторду угуу жана жыйынтыктоо;
- профессор жана доцент окумуштуулук наамдарын ыйгарууга көрсөтүлүүчү талапкерлердин ишин кароо жана белгиленген тартипте сунуштоо;
- магистранттардын, докторанттардын, изденүүчүлөрдүн диссертациялык темаларын жана илимий жетекчилерин (консультанттарын) бекитүү;
- КИУ студенттери жана магистранттары үчүн уюштурулган энчилүү жана башка стипендияларды ыйгаруу маселелерин кароо;
- КИУнун илимий-педагогикалык кызматкерлерин мамлекеттик жана ведомстволук сыйлыктарга көрсөтүү маселелерин кароо.

**3-глава. Окумуштуулар кеңешинин курамы**

5. Окумуштуулар кеңеши төмөнкү курамда түзүлөт:
   – ректор (төрага), проректорлор, окуу бөлүмүнүн башчысы, факультет декандары, кафедра башчылары;
   – студенттик жана профессордук-окутуучулук курамдын профсоюздук уюмдарынын жетекчилери (жалпы мүчөлөрдүн 50%ынан ашпоо шартында);
   – факультеттер жана окуу бөлүмдөрү тарабынан белгиленген тартипте шайланган көрүнүктүү окумуштуулар, профессорлор жана доценттер.

Окумуштуулар кеңешинин курамына КИУда иштебеген диний-илимий борборлордун өкүлдөрү, илимий жана маданий ишмерлер да киргизилиши мүмкүн.

6. Окумуштуулар кеңешинин курамын КИУнун ректору эки жылдык мөөнөткө бекитет.
7. Мүчөнүн ыйгарым укугу мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, анын орду ушул Жободо каралган тартипте толукталат.
8. Окумуштуулар кеңеши өзүнүн ыйгарым укуктарынын бир бөлүгүн КИУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн окумуштуулар кеңештерине өткөрүп бериши мүмкүн. Алардын курамын ректор бекитет.

**4-глава. Окумуштуулар кеңешинин ишин уюштуруу**

9. КИУнун Уставында окумуштуулар кеңешинин ыйгарым укуктары кеңейтилип, ишинин регламенти, курамды түзүү жана мүчөлөрдү толуктоо тартиби аныкталышы мүмкүн.

10. Профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө боюнча конкурстарды өткөрүү, декандарды, кафедра башчыларын шайлоо, окумуштуулук наамдарды ыйгаруу маселелери жашыруун добуш берүү аркылуу чечилет.
Окуу, илимий, тарбиялык жана чарбалык маселелер жөнөкөй көпчүлүк добушка негизделген ачык добуш берүү менен кабыл алынат.
Окумуштуулар кеңешинин чечими ректор бекиткенден кийин күчүнө кирет.

11. Ар бир жыйында протокол түзүлөт. Протоколго төрага жана окумуштуу катчы кол коёт.

12. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы кабыл алынган чечимдердин аткарылышын уюштурат жана мүчөлөргө системалуу түрдө маалымдайт.